КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
МОСКВА РАЙОНУ
МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
МИН-БУЛАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ №86**

15-август 2025-жыл Садовое а.

**Мин-Булак айыл аймагынын көрктөндүрүү, көгөлтүрлөндүрүү**
**жана тазалыкты сактоо эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Мин-Булак айыл аймагында көрктөндүрүү, көгөлтүрлөндүрүү жана тазалыкты сактоо боюнча бирдиктүү талаптарды белгилөө максатында жана белгиленген эрежелеринин долбоорун карап чыгып, Мин-Булак айыл аймагынын кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Мин-Булак айыл аймагынын көрктөндүрүү, көгөлтүрлөндүрүү жана тазалыкты сактоо эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.Ушул Эрежелер менчик формасына жана ведомстволук таандыктыгына карабастан, Мин-Булак айыл аймагында жайгашкан бардык жеке жана юридикалык жактар үчүн милдеттүү болуп эсептелсин.

3.Мин-Булак айыл өкмөтүнүн аппараты төмөнкүлөрдү камсыздасын:

- бекитилген Эрежелерди белгиленген тартипте жарыялоо;
- калк жана чарба жүргүзүүчү субъекттер арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- Эрежелердин сакталышына көзөмөл жүргүзүү.

4.Ушул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү айылдык кенештин жеке турак-жай курулушу, муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлк жана жер тилкелерин берүү жана сатуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Булазова Г.Т.**